УДК 070:070.3

Сайпидинова Н.Э.

*ИГУ им. К.Тыныстанова*

# КИТЕП БАСУУ ИШИНИН ТАРЫХЫ

*Бул макалада биринчи басмакана пайда болгонго чейин дүйнө жүзү боюнча алгачкы жазуу ишинин жана китеп басуу ишинин жаралышы, китептердин жасалышы, даярдалышы ошондой эле сакталышы тууралуу баяндалат.*

Тил эмгек жашоо процессинде бири-бирине айтуу, сүйлөшүү иретинде керектелүүчү каражат катары пайда болгон. Адам тилди жаратkan, сүйлөшүүнү адамдын аң-сезими түзгөн. Бул процесс узак убакытта, жүз жылдар аралыгында, кылымдардын өтүшү менен өнүккөн. Ойду сөз аркылуу ойлонуп, ичтен чыгаруу, үн чыгаруу, айтуу менен ишке ашырышкан.

Ал эми кандайдыр бир аралыкка аңгемелешүү, сүйлөшүү үчүн «кат» пайда болгон. Анда өз-өзүнчө белгилер түшүнүктү берген. Андан соң сөз муундар жана алар үн менен жыйынтыкталган. Белгилер да шарттуу түрдө болгон.

Байыркы славяндарда жазуунун эки системасы болгон, алар кириллица жана глаголица деп аталган. Булардан белгилери бири-бирине эч окшоштугу жок.

Мезгилдин өтүшү менен учурдагы эле материалдарды жазбастан, мурдагыларды да жазууга, көчүрүүгө мүмкүн экендигин далилдешкен.

Бул үчүн сапаттуу, ылайыктуу арзан материалды издеп табуу керек болгон. Көп убакытка чейин жазуу иши локалдуу болуп калган. Эң алгачкы жазуучу материал болуп папирус эсептелген. Ал Египетте Нилдин саздарында жана сууда өскөн өзгөчө камыштан даярдалган. Бирок папирус бүктөлгөндө сынма болуп, анча көпкө чыдачу эмес. Ошондуктан папирустун барактарын четтерин ороп анан чапташкан. Китептин эски формасы дал ушундай пайда болгон.

Кичи Азияда болжол менен биздин эрага чейин II кылымда жазуу үчүн материал - пергаментти иштеп чыгышкан, алар койдун, музоонун жана улактардын терисинен жасалган. Пергамент өтө кымбат болуп, папируска караганда сапаттуурак болгон. Анын эки бетине тең жазууга болот. Боек же сыя пергаменттен оңой өчкөн жана аны кайра кайталап колдонгонго ыңгайлуу болчу. Эң негизги ыңгайлуулугу: канча бүктөсө да сынбаган касиетке ээ эле.

Пергаменттин бул өзгөчөлүгү китептин жаңы формасынын пайда болушуна алып келген, ал кодекс деп аталган. Аны даярдоо үчүн төрт баракты алышкан, аларды тең ортосунан бүктөп бири-бирине бириктирип 16 барактуу кичинекей китепчени грекче дептер деп аташкан. Дептерди бири-бирине бириктирип отуруп китепти жасашкан.

Маданий булактын тарыхында жаңы жазуучу жаңы материал кагаздын пайда болушу маанилүү роль ойногон. Кагаз эң ыңгайлуу, сапаттуу болуп, өндүрүштө арзандыгы менен да бааланган. Кагаз Кытай мамлекетинде б.э.ч. II кылымда пайда болгон. Ал эми Европада болжол менен XII кылымда пайда болгон.

Азыркы мезгилдеги китеп оңой жана ыңгайлуу. Анын конструкциясы жүздөгөн, миңдеген адамдардын эмгегинин, ойлорунун жемиши, тактап айтканда, көптөгөн кылымдардан берки өнүгүүнүн натыйжасы десек болот.

Байыркы свитоктон кодекс менен бирдикте мукаба да пайда болгон. Орто кылымдарда мукабалык кап жыгач тактайлардан даярдалган. Анын сыртынан булгары же кездеме менен капталган. Ал убакта булгаарыны каптоо менен орнамент оюу-узорлорун түшүрүшкөн. Кийинчерээк катуу пергамент же

картондор менен каптоого өтүшкөн. Өз-өзүнчө дептерлерди китептик блокко тигип жип-боолор менен байлап бириктиришкен. Тактайды китептик блокко бириктирип, боолорду четинен тешилген тешиктер аркылуу өткөрүп, андан соң булгаарыны мукабалык каптын ички бетине чапташып, сырткы бетине форзацты чапташкан. Бул сапаттуу конструкция болуп, адамдар үчүн жүздөгөн жылдарга кызмат кылган.

Китеп менен таанышуу титулдук барагынан башталат. Ал жерге басылманы мүнөздөөчү негизги маалыматтар берилет. Алар автордун аты-жөнү, инициалы, китептин аталышы, китептин жарыкка чыккан дареги, жылы ошондой эле заголовоктор, подзаголовоктор ж.б. Алгач чыгарманын жанры тууралуу берилиши мүмкүн, мисалы: роман, повесть, окуу китеби, инструкция. Окуу багытына карата кенже мектеп окуучулары үчүн, мектеп окуучулары үчүн, жогорку класстын окуучулары, жаштар үчүн ж.б. Басылманы даярдоого катышкан жеке инсандар тууралуу мисалы: редактору, түзүүчүлөр, корректорлор, сүрөтчүлөр ж.б. Заголовкалардын үстүндө мекеме-уюмдардын аталышы, басылманын даярдалган жери, басылманын сериясы ж.б. берилет.

Байыркы китептерде титулдук баракча болгон эмес. Титулдук баракчанын ордуна колофон болгон, б.а., аягында жазган адам же басуучу китеп тууралуу жана өзү жөнүндө маалымат берип, окурмандардын өздөрүнө көңүл бурушун каалашкан.

Азыркы китептерде бир нече титулдук бет болушу мүмкүн. Эки бетке жайгашса, таблица өңдүү болот. Негизги титулдун маңдайына контр титул жайгашышы мүмкүн. Бул көрүнүштү көп томдуу же сериялык китептерден көрүүгө болот. Контртитулда басылма тууралуу толук маалымат берилет. *(Мисалы: Жизнь замечательных людей. Серия биографий. Основана в 1933 году М.Горький).* Ал эми негизги титулда аталган том тууралуу маалымат берилет (Мисалы: *Прибытков В. Иван Федоров. -Москва: Молодая Гвардия,1964).*

Контртитулдун арткы бети авантитул же фортититул деп аталат. Бул жерде анча чоң эмес графикалык так сүрөт, басылманын символу, эпиграф –цитата, кыскача түшүнүк, чыгарманын маңызын түшүндүрө турган макал болот. Кээ бир учурда сериянын аталышы же алдыда чыга турган сериялары тууралуу маалымат жайгашат.

Китеп эң татаал түзүлүшкө ээ болуу менен окурман үчүн чыгарманы өздөштүрүүгө автордун оюн, максатын түшүнүүгө жардам берет. Ар бир чыгармада өз алдынча, бири-бирине көз каранды тексттин үзүндүлөрү, бөлүктөр, главалар-баптар, параграфтар бар.

Китептин форматы жана кагаздын барактарынын форматы азыркы күндө мамлекеттик стандарт менен коюлат. Китептер учурда типографиялык машинадан басылып чыгат. Компьютерде терилип, атайын шрифттери, сүрөттөрү баары так даярдалып, типографиялык машинада басылат. Иван Федоровичтин мезгилинде жогорудагы процесстердин бардыгы колго жасалган.

Байыркы Руста китеп христиандыкты кабыл алганга чейинки 988- жылы пайда болгон. Ал учурдагы жазуу эстеликтери биздин күндөргө чейин сакталган эмес. Алар өрт, суу ташкыны болгон учурда эле жок болгон деп айтылат.

Руста китепти сүйүп окушкан. Эң алгачкы белгилүү поп Упыр Лихой байыркы орустун писеци болгон. Ал 1047-жылы Новогороддо иштеген. Ал пайгамбарлар туралуу китеп жазган. Бирок ал китеп сакталбай калган.

Поптор кийинчерээк анын көчүрмөлөрүн жасашып, байыркы мастерди эстешкен. Байыркы Соввиндик китептин фрагменттери Москвадагы Байыркы

актылардын борбордук мамлекеттик архивинде сакталуу, муну окумуштуулар X-XI кылымга таандык деп эсептешет.

Эң алгачкы орус китеби жөнүндө айтсак, чоң форматтагы калың китеп, 294 бет пергаменден 35x30см. көлөмүндө чыккан. Китептин акыркы бетинде өзүнүн атын атайт: «Аз Григорий диакон жазууларында Евангелие сие» ал өзүнүн эмгегин 1056 жылы 21-октябрда баштаган. Ал китепти Криценин Иосиф, а мирьскы Остромир деп аталган адамдын заказы менен жүргөн. Изяслав аттуу Ярослав Мудрыйдын баласы Новгороддук жерди башкарууга дайындаган. Эң алгачкы ээлик кылуучуунун Остромиров Евангелийдин атынан китеп аталган.

Байыркы Римдиктер адам сыяктуу эле китептердин да тагдыры бар деп айтышкан. Остромир Евангалийдин тарыхы кызыктуу жана табышмактуу. Китеп көп убакытка чейин биринчи кожоюндун үйүндө турган эмес. Новгороддун башчысы Остромир жүрүшкө чыгат, анан өлтүрүлөт. Китеп жоголуп, XVIII кылымдын башында Москвадагы Кремлде чоң сандыкта сакталган жана кандайча ал жакка барганы белгисиз. Китеп жана орустун башка баалуу байыркы маданиятынан эстеликтер менен бирге падыша Иван Грозный Новгороддун жоюлушу жана өзгөрүшүнөн кооптонуп, алып кеткенби деген божомол бар. 1720-жылы Петр I пергаменге жазылган, 560 жыл болгон китепти Питер-Бурхка жибергиле деген буйрук берген. Ошентип, өтө кылдаттык менен бул китеп борборго келген.

Петр I чанда гана кездешүүчү нерселерди чогултуп, биринчи орус китебинин тарыхы менен да таанышкысы келген, бирок падыша көз жумат, кайрадан китеп жоголуп кетет. 80 жыл өткөн соң Екатерина IIнин секретары таап алат. Ал Дружинин деген адам болот. Ал Екатерина II өлгөндөн кийин гардеробунан 1805-жылы таап алганын айтат. Ал эч жерде кириштелген эмес, ошондуктан кайдан келгени, качан келгени белгисиз дейт. Ошентип, алгачкы китеп аз жерден жоголуп кете жаздаган. 1806-жылы китеп М.Е. Салтыков-Шедрин атындагы мамлекеттик китепканага берилген. Ал бүгүнкү күндө да сакталуу турат.

Остромир Евангелие Рустагы алгачкы китепти кандай жасагандыгы тууралуу билүүгө үйрөтөт. Писец пергамен барактарын алып, дааналап паралелдүү сызыктарды чийген. Ар бир сызыктын аралыктары бирдей болгон. Кол жазма чоң форматта, эки колонка же катарга (столбецге) жазылган. Ар бир катарга 18 сап жазылган.

Писецтин негизги куралы болуп каздын канаты эсептелген. Сыя менен жазышып, аны дат баскан темирден жана атайын кара жаңгактан жасашкан. Заголовкаларды бөлүү үчүн кызыл өң колдонгон. Ал үчүн алтындын порошогуна балыктын жабышкагы аралаштырган. Остромир Евангелие так жана даана кол жазма болгон. Бул жети ай убакытта жазылып бүткөн, күнүгө үч беттен жазууга үлгүргөн. Дьякон Григорий үчүн талыкпаган эмгектин бүткөн күнү майрам болгон.

XI к. басуу формасы топурак литерлери менен түзүлгөн, аны кытайлык уста Би Шэн колдонгон, ал анча татаал эмес тексттер үчүн колдонулган. XIII к кореялыктар металл шрифттери менен басуу формасына өтүшөт. Ал эми немецтик ойлоп табуучу Иоганн Гуттенберг реалдуу техникалык форманын идеясын ойлоп табат. Гуттенберг болжолдуу 1394-1399-жылдыры төрөлгөн. Майнц шаарынын бай тургунунун баласы болгон. Окумуштуулардын айтуусунда, Гуттенберг Эрфрут университетинде билим алган. XV кылымдын 30-жылдарында Гуттенберг Страсбургдагы эски Эльзаск шаарында жашаган. Алгачкы китеп басуу ишинин ыкмалары менен иштеген. Гуттенберг станогунан анча чоң эмес

астрономиялык календарь 1448-жылы, Түрк календары 1455-жылы басылып чыккан.

Окумуштуулар Гуттенберг 42 саптуу баракка жана 35и пергаменге 150 экземпляр Библия баскан деп эсептешет. Болгону 42 экземпялары сакталган, анын ичинен 12си пергаменде болгон. Бул дүйнөдөгү эң кымбат китеп болгон. 1979-жылы Майнц шаарындагы Гуттенбергдик музейде Библиянын экинчи тому 1,9 миллион долларга сатылган.

1458-1460-жж. Бомберг шаарында Гуттенбергдин өзү тарабынан 36 саптуу башка Библия басылган болушу мүмкүн. Ал басылма 13 экземпляр болгон.

Иоганн Гуттенбергдин жашоосунда кыйын күндөр көп болгон. Карыган убагында гана жакшы жашоого мүмкүнчүлүк болгон. Архиепскоп Адольф Насиаутский Гутенбергге наам берип, пенсия чыгарган. Гуттенбергдин атынан анын китеп басуу станогу аталган.

Иван Федоров жана Петр Тимофеев Мстиславецтин биринчи орус адабиятындагы чыгармасы «Апостолду» басышы тууралуу айтсак, аны 1563-жылы 19-апрелде басып башташкан. 1564-жылы 1-мартта басылып бүткөн. Ар жылы 1-мартта орустун китеп басуу күнү белгиленет. Апостол 1564-жылы чоң форматтагы, болжол менен 28х18 сантиметрдеги 268 бетке, кооз шрифттер менен басылган. Китептин кооздолушу да абдан көрктүү жана баалуу болгон. Апостол 2000ден кем эмес нуска менен басылган. Бизге 61 нуска жеткен. Китептер китепканада, музейлерде, Москванын, Санкт-Петербургдун, Киевдин, Брянскинин, Риганын, Екатеринбургдун, Бишкектин ж.б. шаарлардын архивдеринде сакталуу. Ошондой эле байыркы Хиландардык монастрларда, чет мамлекеттерде, Белградда, Будапештте, Варшавада, Нью-Йоркто, Прагада ж.б. сакталган.

Кыргыз жазуусу. Чулу таштарга, аска бетине чегилген байыркы рун жазуусу (Орхон Энесай алфавити) 6-7-кк. пайда болуп, 10-12-кк. чейин колдонулган. Мындай эстеликтер Энесай, Саян, Тува, Монголия, Талас, Кочкор өрөөндөрүнөн табылган. Ал жазууларды биринчи жолу 1893-ж. даниялык илимпоз В. Томсен (1842-1927) жана орус түркологу В. Радлов (1837-1918) окуган. Бул эстеликтердин кыргыздарга таандык экендигин айтышкан алгачкы окумуштуулар В.Радлов, В.Томсен жана орус тилчиси, түрк тилдерин изилдөөчү С.Е. Малов (1880-1937) болгон. С.Малов "Енисейлик түрктөрдүн жазуусу" деген эмгегинде "V кылымдагы енисейлик жазуу эстеликтеринин тили — байыркы кыргыздардын тили" деп аныктаган. Бул эстеликтерди изилдөөгө баш оту менен киришкен алгачкы кыргыз окумуштуусу — Четин Жумагулов. Анын эсеби боюнча Кыргызстандын аймагынан акыркы 100 жыл ичинде 20 рун жазуусу табылган.

1929-ж. 29-ноябрда кыргыз жазмасын араб алфавитинен латын алфавитине 1930-жылдын 1-январынан тартып өткөрүү боюнча Кыргыз АССР БАКынын Президиуму чечим кабыл алган.

1941-ж. 31-январда латын алфавитиндеги кыргыз жазуусун орус алфавитине (кириллицага) которуу жөнүндөгү мыйзам чыккан.

Илимпоз-түрколог Четин Жумагулов 1975-ж. Кегети аймагынан айдоодогу топуракка көмүлүп калган эки эстелик таш таап, алардын сүрөттөлүшүн берип, араб тамгасында чегилген жазууларын чечмелеп окуп, "Эпиграфика Киргизии-2" аттуу китебине жарыялаган. Бул эстелик кимге арналып коюлгандыгын жазуу жүзүндө баяндап көрсөткөн, ал 19-кылымдагы эң алгачкы эстеликтерден болуп эсептелет. Анын бири Муратаалы бийге тиешелүү.

Китеп басуу иши боюнча маалымат аз. Китеп басуу иши менен көптөгөн акылман, эмгекчил адамдар алектенишкен, алар тууралуу айтуу үчүн көп эмгек кылуу менен китеп жазуу мүмкүнчүлүгү да түзүлөт.

**Адабияттар:**


1. Немировский Е.Л. Путешествие к истоком русского книгопечатания. – М., 1991
2. Ворошилов В.В. Журналистика. – СПб, 2004.
3. Словарь издательских терминов. /Под ред. Мильчина А.Э. – М.,1983.
4. http://literatura.kg/articles/ ? aid = 605